жакшыртат. Ошентип, музыка окуучулардын жашоосунун ар кандай аспектилеринде пайдалуу боло турган коомдук көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн күчтүү курал болуп калат.

- Биргелешкен музыкалык чыгармачылык, топторго же ансамблдерге катышуу коммуникация жана кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Бул балдарга команда болуп иштөөгө жана башкалардын сезимдерин урматтоого үйрөнүүгө жардам берет.

-Музыка балдарга өзүн жана алардын каалоолорун жакшыраак түшүнүүгө жардам берип, өзүн көрсөтүүнүн каражаты болот. Бул өзүнө болгон ишенимди жана позитивдүү өзүн-өзү сыйлоо сезимин өрчүтүүгө жардам берет.

Музыка – бул сыйкырдуу дүйнө! Музыкалык билим алуу менен сен сулуулукка, көркөм, кооз дүйнөгө умтулуп, көңүл ачууга, ойноого, кайгырууга, ойлонууга – жашоого үйрөнөсүң. Себеби, музыка да башка искусство жанрларындай жашоонун чындыгын көркөмдөп чагылдырып, эстетикалык табит тартуулоо менен жан дүйнөңө сүңгүп кирет. [4]

Жыйынтыктап айтканда, мектепте окуу предметтерин ичинде музыка окуучуларды эстетикалык жактан өнүктүрүүчү, талантын ачып берүүчү, ар тараптан өнүктүрүүчү болуп эсептелет.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Н.А.Ветлугина, Медтодика музыкального воспитание в дедском саду, Москва, 1989
2. Б.А.Малдыбаев, Музыка, Фрунзе «Мектеп» 1986
3. Касей М. ж. б. Музыка. Башталгыч мектептин 4-кл. үчүн окуу китеби / М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова. – Б.: Билим-компьютер, 2015. – 120 б., илл.
4. Муратова А. М., Артыков К. Ж. Музыка: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби.– Б.: Билим-компьютер, 2018. – 136 б., илл.
5. Сатиев Т., Хордо ырдоо/Сүрөтчүсү Р.Исаков.-Б.: Адабият, 1991.-72 б.

**УДК: 371.31** **https://doi.org/10.56122/..v2i2.219**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ХОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫ АТКАРУУГА ҮЙРӨТҮҮ
# ОБУЧЕНИЕ ШКОЛЬНИКОВ ИСПОЛНЕНИЮ ХОРОВЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ
# TEACHING SCHOOL STUDENTS TO PERFORM CHORAL WORKS

**Абдыразакова Клара Сагынбаевна,**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
**klaraabdyrazakova24@gmail.com**
**Магистрант- Хошимжон уулу Омурбек**

***Аннотация:*** *Макалада мектепте окуучуларга үйрөтүү үчүн хордук чыгармаларды тандоону, аткаруу эрежелери, эмнелерди эске алуу керектиги көрсөтүлдү. Балдар хору өзүнүн элпек жана женил, чыгарманы чын жүрөктөн бериле наристелик мүнөз менен жогорку эмоцияда аткаруусу, угуучулардын моокумун кандыра ырдоосу менен кызыктырат. Хордо ырдоого чоңдорду үйрөтүүнүн өзүнчө кыйынчылыктары, ал эми балдар менен иштөөнүн андан да татаал жолдору бар экендиги белгиленди. Хордо ырдоо үчүн сунуш кылынган чыгармаларды мүнөзүнө, мазмунуна ылайык таасирдүү ырдоо. Ал үчүн үндөгү тыбыштардан баштап, тыбыштарды кантип айтуу, тез жана орточо темптеги ырларды аткарууда анын уккулуктуулугуна жетишүү керектиги, ырдагы сөздөрдү так жатка билүү керектиги жана дрижёрлук шилтемдин төрт маанисин түшүнүү талданды. Макаланы мектеп мугалимдери, студенттер пайдаланса болот.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Музыка, хор, окуучулар, обон, ырдоо, мугалим, чыгарма, үн ж.б.*

***Аннотация:*** *В статье показан выбор хоровых произведений для обучения учащихся в школе, правила исполнения, что следует учитывать. Детский хор привлекает внимание*

*зрителей своим простым и легким, искренним, детским исполнением произведения, наполненным высокими эмоциями, пением, наполняющим сердца зрителей. Было отмечено, что обучение взрослых пению в хоре имеет свои трудности, а с детьми есть еще более сложные способы. Эффектное исполнение произведений, рекомендованных для хорового пения по характеру и содержанию. Для этого, исходя из звуков в голосе, того, как произносить звуки, как добиться его слышимости при исполнении быстрых и среднетемповых песен, как запоминать слова песни и понимать четыре значения дирижерской реплики. . Статья может быть использована школьными учителями и учащимися.*

***Ключевые слова**: Музыка, хор, ученики, мелодия, пение, педагог, произведение, голос и др***.**

***Abstract:** The article shows the selection of choral works for teaching students at school, the rules of performance, what should be taken into account. The children's choir attracts the attention of the audience with its simple and easy, sincere, childish performance of the work, filled with high emotions, singing that fills the hearts of the audience. It was noted that teaching adults to sing in a choir has its difficulties, and with children there are even more complex methods. Effective performance of works recommended for choral singing by nature and content. For this, based on the sounds in the voice, how to pronounce sounds, how to achieve its audibility when performing fast and mid-tempo songs, how to remember the words of the song and understand the four meanings of the conductor's cue. . The article can be used by school teachers and students.*

***Keywords:** Music, choir, students, melody, singing, teacher, work, voice, etc.*

Заманбап мектеп шартында окуучуларды ар тараптан өнүктүрүп, музыкалык шыгын арттырууда музыка предметинин өзүнчө орду бар. Балдардын бири-бири менен коммуникативдик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө музыкада ырдоо, хордо ырдоонун да орду чоң. Окуучунун талантын билип, аны өөрчүтүү музыка мугалиминин негизги милдеттеринин бири. Анткени, кээде таланттуу балдардын таланты ачылбаган бойдон мектепти бүтүп кеткенин байкайбыз. Биз бул макалада окуучуларды хордук чыгармаларды кантип ырдатабыз, анда эмнелерди эске алуу керектигине токтолобуз.

Хор- кандайдыр бир вокалдык чыгарманы бир мезгилде аткаруучу ырчылар коллективи жана ушундай коллектив аркылуу аркарылуучу вокалдык чыгарма (ыр). [1,618]

Мектеп хору – музыка мугалиминин же хор жетекчисинин жетекчилиги астында чогуу ырдаган окуучулардын тобу. Хорго катышуу музыкалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө, үндү жакшыртууга жардам берет, ошондой эле команда болуп иштөөнү үйрөтөт. Хор мектептеги иш-чараларда, концерттерде жана конкурстарда чыгып, классикалык ырлардан баштап заманбап ырларга чейин түрдүү музыкаларды аткара алат.

Ар бир адамга ар түрдүү ченемдеги музыкалык жөндөмдүүлүк таандык. Демек, ал шыктуулукту ачууда хор өнөрү шарттуу базаны түзөт. Хордо ырдоодо өзгөчө музыкалык жөндөмдүүлүк талап кылынбайт. Тек гана угуу, ырдоо аппараттары таза болушу абзел.

Элге жалпы музыкалык тарбия мектептердин музыка сабагы менен балдар хору аркылуу берилери баарыбызга маалым. Бул тууралуу орустун белгилүү педагогу К. Д. Ушинский бекеринен бекеринен «Качан мектеп ырдаганда гана бүт эл ырдай баштайт» деп айткан эмес. Ошондуктан мектеп окуучуларынын хору жалпы музыкалык билим жана тарбия берүүнүн негизи болгондуктан, анын табигый өзгөчөлүктөрүнө болгон маселелерге токтоло кетели.

Балдар хору өзүнүн элпек жана женил, чыгарманы чын жүрөктөн бериле наристелик мүнөз менен жогорку эмоцияда аткаруусу, угуучулардын моокумун кандыра ырдоосу менен кызыктырат. Бекеринен республикадагы хор коллективдеринин көпчүлүгүн балдар хору түзгөн эмес. Кээ бир учурларда адистер тарабынан балдар хору менен иштөөнүн жеңилдиги, балалык мүнөзүнө көңүл коюп, ырдоосуна болгон дилгирлиги менен байланыштырышат. Мындай тыянак чыгаруу, чоң жаңылыштык. Анткени хордо ырдоого чоңдорду үйрөтүүнүн өзүнчө кыйынчылыктары, ал эми балдар менен иштөөнүн андан да татаал жолдору бар.

Арийне, чоң адамдардан уюштурулган хор коллективдеринин катышуучуларынын жалпы ырдоосу жаш балдардын үнү менен эч кандай байланышпайт. Алсак, ал адистер үндөрүн чоң адамдын үнү аркылуу угуу сезимин тарбиялашат. Ал эми жеткинчектердин үндөрүндө болсо ар биринин жеткинчектерди курагына байланыштуу көптөгөн атайын өзгечөлүктөрү болот. Балдар хору менен иштөөдөн мурун хормейстер ар бир бөбөктүн үнүнүн курагына жараша угулушун бөтөнчөлүктөрүн өздөштүрүүсү керек. Анткени, аваздык ыкмаларды үйрөтүүдө айрымдар алардын курагына жооп бербей турган методиканы колдонушу мүмкүн. [2.53]

Биринчи класста окуунун биринчи күнүнөн тартып эле, окуучулар менен таанышып жана аларды алдын-ала музыкалык жөндөмдүүлүктөрүн текшерүүдөн кийин мугалим балдарга үн жөнүндө айтып берүүсү зарыл. Бул ангемелешүүнү мугалим балдарга жеткиликтүү тил менен мындайча баштаса болот. Бул деген биздин үнүбүз, добушубуз. Ал эми биздин сүйлөөдөгү жана ырдоодогу чыккан үнүбүз - бул жаратылыштын биз үчүн берген баа жет кис чоң белеги. Бирок балдар, ар бир адамдын үнү бирдей боло албайт. Бирөөнүн үнү тубаса эле эң жакшы кооз болсо, башкасыныкы андай эмес башкача болот. Ал эми үнү начар адам жакшы, уккулуктуу ырдоону үйрөнө албайт экен деп түшүнүүгө болбойт. Бул жаңылыштык. Кээ бир адамдар өзүлөрүнүн тубаса жакшы уккулуктуу үндөрүн туура пайдаланыша албай, үндөрүн жоготуп да коюшат. Ал эми кээ бир үндөрү тубаса начар адамдар болсо ырдоонун эрежелерин жакшы үйрөнүп, үндөрүн жакшы тарбиялап жакшы ырчы, артист боло алышат. Адамдын үнү бул жандуу өтө назик аспап болуп саналат. Ал болсо адамдын жалпы өсүүсү менен кошо өсүп өнүгөт. Ошондуктан өз үнүңөрдү кыл- дат сактай билгиле. Эми балдар, адамдын колу, буту жана бүтүндөй эле анын тулку бою жакшы өнүгүп өсүшү үчүн дене тарбия сабагында түрдүү спорттук көнүгүүлөрдү жасагандай, бул музыка жана ырдоо сабагында да ырды үйрөнүүнүн негизинде жакшы, кооз, назик үн менен ырдоо үчүн көптөгөн көнүгүүлөрдү жасайсыңар, ырдайсыңар. Аларга хор ырдоо кандай болорун да айтып берүүбүз керек.

**Хордо ырдоо.** Ырдоо үчүн сунуш кылынган чыгармаларды мүнөзүнө, мазмунуна ылайык таасирдүү ырдоо. Ырдап жатканда ырдоонун эрежесин сактоо: туруп же отуруп ырдаганда ийинди бир аз артка кетенчиктетип, колду түшүрүп (же колду тизеге коюп) денени түз жана бош кармоо.

Үндүү тыбыштарды созуп, үнсүз тыбыштады жеңил, кыска ырдоо.

Тез жана орточо темптеги ырларды аткарууда анын уккулуктуулугуна жетишүү.

Ырдын сөзүн ачык, так айтуу жана жатка билүү.

Негизги дрижёрлук шилтемдин төрт маанисин (көңүл бургула, дем алгыла, баштагыла, аяктагыла) түшүнүү жана ырды аткарган чурда колдоно билүү. [3.18]

Мектепте хор чыгармасын калыптандыруу бир нече негизги шарттарды камтыйт:

1. **Репертуарды тандоо.** Чыгармаларды тандоодо катышуучулардын жаш өзгөчөлүгүн жана даярдык деңгээлин эске алуу зарыл. Башталгыч класстын окуучулары үчүн ыр саптарынын муундары азыраак, оңой болушу керек. Ал эми чоң класстар үчүн татаалыраак ырларды тандаса болот. Музыка балдар үчүн кызыктуу жана жеткиликтүү болушу маанилүү. Жана төмөнкү сунуштарды эске алуу максатка ылайык:

- Музыкалык жанрларда ар түрдүү жанрлар (элдик ырлар, классикалык, заманбап музыка) окуучуларды кызыктырууга жардам берет. Балдарга тааныш обондорду колдонуу алардын кызыгуусун арттырат;
- Аткаруу деңгээлин караганыбызда катышуучулардын вокалдык жана музыкалык жөндөмдөрүн эске алыңыз;
- Чыгармалардын балдарга актуалдуу жана түшүнүктүү болушу маанилүү; Достук, жаратылыш, майрамдар темалары өзгөчө кызыктуу болушу мүмкүн;
- Музыка позитивдүү эмоцияларды жана аткарууга болгон каалоону жаратышы керек. Бул шыктандыруучу атмосфераны түзүүгө жардам берет;

- Ноталар жеткиликтүү жана үйрөнүүгө оңой экенин текшериңиз. Окуучулар чыгарманын кандай угулушун угушу үчүн аудио жазуулар же видеолор бар болсо жакшы болот;

Күү (обон) – толук музыкалык монофониялык ойду билдирет. "Обон" деген сөз эки грек сөзүнөн келип чыккан, melos – ырдоо. [4]

Хордо ыңгайлуу атмосфера түзүү балдар менен ийгиликтүү иштөөнүн негизги аспекти болуп саналат. Балдарды колдоп жана түшүнүү маанилүү. Катышуучулар бири-бирин жакшыраак таанып, команданын бир бөлүгү катары сезилиши үчүн классты таанышуу оюндары жана командалык иш-чаралар менен баштасак натыйжалуу болот. Ал үчүн төмөнкүдөй шарт түзүшүбүз керек:

- балдар өз ойлорун жана идеяларын эркин айта алган атмосфераны түзүңүз;
- дайыма репертуар же процесс жөнүндө алардын пикирин сурап туруңуз;
- репетиция бөлмөсү ыңгайлуу жана жакшы жарыктандырылгандыгын текшериңиз. Бул окуучулардын даярдануу үчүн жагымдуулукту камсыздайт;
- балдардын эс алуусуна жардам берүү үчүн кичинекей чыңалуу менен машыгууларды баштаңыз, дем алуу көнүгүүлөрүн же жеңил физикалык көнүгүүлөрдү колдонсоңуз болот;
- ар бир катышуучунун муктаждыктарын жана өзгөчөлүктөрүн эске алыңыз. Эгер кимдир бирөө уялчаак болсо, аларга өзүнө ыңгайлуу формада оюн билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек;
- балдарга өз идеяларын жана сунуштарын репетицияга киргизүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз; Демек, ыңгайлуу атмосфераны түзүү менен сиз вокалдык чеберчиликти өнүктүрүүгө гана эмес, катышуучулардын ортосундагы достукту чыңдоого да салым кошосуз, бул хор үчүн абдан маанилүү.

Вокалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү хор практикасынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал үчүн дем алуу көнүгүүлөрүн, интонацияны, ритмикалык көнүгүүлөрдү аткартуу менен ар бир катышуучуга дифференциялдык мамиле кылуу керек. Анткени, окуучулар менен жекече иш баруу, оюн айта албаган же тартынып, ырдоодо кыйналгандарга көмөк көрсөтөт. Жөнөкөй көнүгүүлөрдөн баштап, акырындап татаалыраак көнүгүүлөргө өтүү керек. Мындай көнүгүүлөр окуучулардын техникалык жөндөмдөрүн гана эмес, ошондой эле хор аткаруу үчүн абдан маанилүү болгон үнүнө болгон ишенимди өнүктүрүүгө жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда, хор- эстетикалык тарбиянын негизги жолдорунун бири. Хор чыгармалары балага чоң таасир этет. Ошондуктан музыка мугалими хор чыгармаларын жакшылап тандап алууга тийиш. Анан алардын сөзүн так айтып, обонун туура жана көркөм аткарылышына көңүл бурат. Баланын ырдоо ыкмаларынын өсүшү – ал уккан добуштарга жараша болот.

Искусство – бул турмуштун чындыгын көркөм образдар аркылуу чагылдыруу болсо, ал эми музыкалык искусство – көркөм образдарды добуш аркылуу ар кандай маанайда, мүнөздө, ритмикалык сүрөттөлүштү, тембрде, бийиктикте чагылдырып берет. Музыкалык көркөм образ аркылуу жашоонун сүртмдөрү, сезимдик абал, ой толгоо, ар кандай кадамдар, жаратылыштын ар кандай мезгилдери, кубулуштары, адамдын, элдин жашоосундагы окуялар көркөм чагылдырылат. [5.4]

Демек, окуучулардын жан-дүйнөсүнүн байышы, талантынын өсүшү, эстетикалык жактан тарбиялана музыка сабагынын тийгизген таасири чоң.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдувалиев И., Кадырмамбетова А.,ж.б. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк.- Б.: “Полиграфбумресурсы”, 2019.-800б.
2. Такен Сатиев, Хордо ырдоо, Бишкек “Адабият” 1991
3. Малдыбаев Б.А. Музыка: 6 жаштан окуган 1-кл.окуучулары үчүн музыка сабагынын методикалык иштелмеси жана хрестоматиясы: Мугалимдер үчүн колдонмо.- Ф.,Мектеп, 1986.-120 б.

4. Муратова А. М., Артыков К. Ж. Музыка. 5 кл.: Учебник для общеобразоват. шк. – Б.: Билим-компьютер, 2018. – 128 с.
5. Муратова А. М., Артыков К. Ж. Музыка: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби.– Б.: Билим-компьютер, 2018. – 136 б.

## ЗНАЧЕНИЕ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКЕ БУДУЩЕГО ПЕДАГОГА
## THE IMPORTANCE OF ETHNOPEDAGOGY IN THE PROFESSIONAL TRAINING OF A FUTURE TEACHER

***Абдулахамидова Барно Нурмахамедовна,***
***к.п.н., доцент кафедры***
***«Педагогика и психология» ОГПУ***
***barno74@inbox.ru***

**Аннотация:** статья посвящена исследованию роли этнопедагогики в формировании профессиональной компетентности будущих педагогов. В ней анализируется значение традиционных педагогических практик и знаний в подготовке специалистов, способных эффективно работать с детьми из разных культурных и этнических групп. Анализированы работы центров по развитию этнопедагогики. Мы рассматривали возможности интеграции этнопедагогических подходов в образовательные программы и предлагаем рекомендации по их практическому применению. Особое внимание уделяется значению традиционных методов воспитания, народных игр, сказок, ремёсел и обрядов в формировании у студентов понимания культурных особенностей детей и способности адаптировать образовательный процесс к их потребностям. В статье приводятся пример опыт Ошского государственного педагогического университета по психолого-педагогическому сопровождению специалистов вузе. В заключение мы подчёркиваем важность дальнейшего развития этнопедагогики в системе педагогического образования как важнейшего фактора повышения качества образования и создания более инклюзивной и толерантной образовательной среды.

**Ключевые слова:** этнопедагогика, профессиональная компетентность, будущие педагоги, межкультурное образование, традиционные педагогические практики.

**Abstract:** the article is devoted to the study of the role of ethnopedagogy in the formation of professional competence of future teachers. It analyzes the importance of traditional pedagogical practices and knowledge in the training of specialists capable of working effectively with children from different cultural and ethnic groups. The work of centers for the development of ethnopedagogy is analyzed. We considered the possibilities of integrating ethnopedagogical approaches into educational programs and offer recommendations for their practical application. Particular attention is paid to the importance of traditional methods of education, folk games, fairy tales, crafts and rituals in developing students' understanding of the cultural characteristics of children and the ability to adapt the educational process to their needs. The article provides an example of the experience of Osh State Pedagogical University in psychological and pedagogical support for university specialists. In conclusion, the authors emphasize the importance of further development of ethnopedagogy in the system of pedagogical education as the most important factor in improving the quality of education and creating a more inclusive and tolerant educational environment.